Ынтымак айылдык Кеңешинин (7 – чакырылышы) кезектеги XXIII сессиясынын

**№ 22/01 ТОКТОМУ**

24.08.2023. Ынтымак айылы

**Айыл өкмөтүнүн юридикалык жер салыгына Республикалык бюджетинен келип түшкөн компенсацияны айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын жергиликтүү бюджетине кирешелөө жана чыгашалоо жөнүндө**

Ынтымак айылдык кеңешинин сессиясында каралуучу маселе айыл өкмөтүнүн юридикалык жер салыгына Республикалык бюджетинен келип түшкөн компенсацияны айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын жергиликтүү бюджетине кирешелөө жана чыгашалоо жөнүндө маселени карап жана талкуулап чыгып, Ынтымак айылдык кеңеши:

**Т о к т о м к ы л а т:**

1. Айыл өкмөтүнүн юридикалык жер салыгына Республикалык бюджеттин эсебинен түшкөн 140000 (бир жүз кырк миң) сом компенсацияны айыл өкмөтүнүн 2023-жылдагы жергиликтүү бюджетине кирешелөө жана чыгашалоого макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышы Ынтымак айыл өкмөтүнүн каржы экономика бөлүмүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу Б.Мусаевага милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ынтымак айылдык кеңешинин “Бюджет, салык жана финансы боюнча” туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Ынтымак айылдык**

**кеңешинин төрагасы** **Р.Исамов.**

Ынтымак айылдык Кеңешинин (7 – чакырылышы) кезектеги XXIII сессиясынын

**№ 23/01 ТОКТОМУ**

03.10.2023. Ынтымак айылы

**Ынтымак айыл өкмөтүнүн балансында турган азыркы убакта жараксыз абалдагы боз үйдү баланстан чыгаруу жөнүндө**

2023-жылдын 4-сентябрындагы Ынтымак айылдык кеңешинин “Уюштуруу укуктук маселелер, мамлекеттик органдар жана өз алдынча башкаруунун аймактык органдары менен өз ара аракеттенүү боюнча” туруктуу комиссиясынын “Ынтымак айыл өкмөтүнүн балансында турган азыркы убакта жараксыз абалдагы боз үйдү баланстан чыгаруу” жөнүндө №8 протоколун карoo тууралуу маселени угуп жана талкуулап чыгып, Ынтымак айылдык кеңеши:

**Т о к т о м к ы л а т:**

1. 2023-жылдын 4-сентябрындагы Ынтымак айылдык кеңешинин “Уюштуруу укуктук маселелер, мамлекеттик органдар жана өз алдынча башкаруунун аймактык органдары менен өз ара аракеттенүү боюнча” туруктуу комиссиясынын “Ынтымак айыл өкмөтүнүн балансында турган азыркы убакта жараксыз абалдагы боз үйдү баланстан чыгаруу” жөнүндө №8 протоколу жактырылсын.

2. Жараксыз абалдагы боз үй Ынтымак айыл өкмөтүнүн балансынан чыгарууга макулдук берилсин.

3. Бул маселе боюнча мыйзамга ылайык иш алып баруу жагы Ынтымак айыл өкмөтүнүн башчысы К.Салановко милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ынтымак айылдык кеңешинин “Уюштуруу укуктук маселелер, мамлекеттик органдар жана өз алдынча башкаруунун аймактык органдары менен өз ара аракеттенүү боюнча” туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Ынтымак айылдык**

**кеңешинин төрагасы Р.Исамов.**

Ынтымак айылдык Кеңешинин (7 – чакырылышы) кезектеги XXIII сессиясынын

**№ 23/02 ТОКТОМУ**

03.10.2023. Ынтымак айылы

**Ынтымак айылдык кеңешинин “Бюджет, салык жана финансы боюнча” туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 14-августундагы “Ынтымак айыл аймагындагы 2023-2024-окуу жылына Салиха Нур балдар бакчасына 20 балага, Бейиш нуру балдар бакчасына 25 балага жана жаңы ачылган Нур-Жылдыз балдар бакчасына 50 балага ата-энелер тарабынан берилүүчү тамак аштын төлөмү жөнүндөгү” №7 протоколу.**

Ынтымак айылдык кеңешинин “Бюджет, салык жана финансы боюнча” туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 14-августундагы “Ынтымак айыл аймагындагы 2023-2024-окуу жылына Салиха Нур балдар бакчасына 20 балага, Бейиш нуру балдар бакчасына 25 балага жана жаңы ачылган Нур-Жылдыз балдар бакчасына 50 балага ата-энелер тарабынан берилүүчү тамак аштын төлөмү жөнүндөгү” №7 протоколун карoo тууралуу маселени угуп жана талкуулап чыгып, Ынтымак айылдык кеңеши:

**Т о к т о м к ы л а т:**

1. Ынтымак айылдык кеңешинин “Бюджет, салык жана финансы боюнча” туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 14-августундагы “Ынтымак айыл аймагындагы 2023-2024-окуу жылына Салиха Нур балдар бакчасына 20 балага, Бейиш нуру балдар бакчасына 25 балага жана жаңы ачылган Нур-Жылдыз балдар бакчасына 50 балага ата-энелер тарабынан берилүүчү тамак аштын төлөмү жөнүндөгү” №7 протоколу жактырылсын.

2. Ынтымак айыл аймагындагы Салиха-Нур, Бейиш Нуру жана жаңы ачылган Нур-Жылдыз балдар бакчаларына жалпы 95 балага 2023-жыл ичинде атайын каражат эсебине 266,0 миң сом акча каражатын көбөйтүп берүү жагы Ноокат райондук финансы бөлүмүнөн суралсын.

3. Бул маселе боюнча мыйзамга ылайык иш алып баруу жагы Ынтымак айыл өкмөтүнүн башчысы К.Салановко милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ынтымак айылдык кеңешинин Бюджет, салык жана финансы боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Ынтымак айылдык**

**кеңешинин төрагасы Р.Исамов.**

Ынтымак айылдык Кеңешинин (7 – чакырылышы) кезектеги XXIII сессиясынын

**№ 23/03 ТОКТОМУ**

03.10.2023. Ынтымак айылы

**Элдик курултайга делегаттарды шайлоо боюнча чогулуштарды жана жыйындарды өткөрүү жөнүндө**

«Элдик Курултай жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы №215 «Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө» Жарлыгы, уюштуруу комитетинин 2023-жылдын 6-сентябрындагы № 1-чечимине негиз, Ынтымак айылдык кеңеши

**Т о к т о м к ы л а т:**

1. Ынтымак айыл аймагында Элдик курултайдын делегатын шайлоо боюнча Жергиликтүү курултай А.Самидинов атындагы маданият үйүндө 2023-жылдын 18-ноябрь күнү саат 10:00дө өткөрүлсүн.
2. Ынтымак айыл аймагынан Жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынынын айылдын жашоочуларынын санына жараша делегаттардын нормасы 100 (жүз) болуп бекитилсин. (№1-тиркеме тиркелет)
3. Жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынынын катышуучуларды көрсөтүү боюнча жергиликтүү жамааттын чогулуштарын жана жыйындарын өткөрүү графиги тиркемеге ылайык бекитилсин. (№2-тиркеме тиркелет)
4. Айылдын чогулуш өткөрүлүп жаткан аймагында чогулуштарды жана жыйындарды өткөрүүгө жооптуу болуп тиркемеге ылайык айылдык кеңешинин депутаттары бекитилсин. (№3-тиркеме тиркелет)
5. Жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынынын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобунун курамы тиркемеге ылайык бекитилсин (мындан ары – Жумушчу топ). (№ 4-тиркеме тиркелет)
6. Ар бир айылдын айыл башчысы айылдын чогулушун уюштурууга көмөк көрсөтүүгө милдеттендирилсин.
7. Бул маселе боюнча мыйзамга ылайык иш алып баруу жагы Ынтымак айыл өкмөтүнүн башчысы К. Салановко милдеттендирилсин.
8. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ынтымак айылдык кеңешинин социалдык саясат (билим берүү, маданият, саламаттыкты сактоо, спорт) боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Ынтымак айылдык**

**кеңешинин төрагасы** **Р.Исамов**

Ынтымак айылдык кеңешинин
№23/03 токтомуна 1-тиркеме

**Ынтымак айыл аймагынан Жергиликтүү курултайга айылдын жашоочуларынын санына жараша делегаттардын нормасы.**

| № | Айылдардын аталыштары | Калкынын саны (адам) | Делегаттардын нормасы (адам) |
|---|---|---|---|
| 1 | Беш-Буркан | 2558 | 25 |
| 2 | Арык-Бою | 1644 | 16 |
| 3 | Ынтымак | 2296 | 22 |
| 4 | Ничке-Суу, Челекчи, Таш-Булак | 2640 | 25 |
| 5 | Акшар, Дөң-Маала | 1353 | 12 |
| | **Жалпы** | **10491** | **100** |

**Жооптуу катчы** **Г.Балтабаева**

Ынтымак айылдык кеңешинин
№23/03 токтомуна 2-тиркеме

**Ынтымак айыл аймагындагы айылдарда Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча өткөрүлө турган жыйындардын графиги.**

| № | Айылдардын аталыштары | Мөөнөтү | Өткөрүлө турган жери |
|---|---|---|---|
| 1 | Беш-Буркан | 16.10.2023. саат 10:00 | Беш-Буркан орто мектеби |
| 2 | Арык-Бою | 17.10.2023. саат 10:00 | Арык-Бою орто мектеби |
| 3 | Ынтымак | 18.10.2023. саат 10:00 | Т.Кулатов атындагы орто мектеп |
| 4 | Ничке-Суу, Челекчи, Таш-Булак | 19.10.2023. саат 10:00 | А.Самидинов атындагы маданият үйү |
| 5 | Акшар, Дөң-Маала | 20.10.2023. саат 10:00 | Нур-Жылдыз балдар бакчасы |

**Жооптуу катчы** **Г.Балтабаева**

Ынтымак айылдык кеңешинин
№23/03 токтомуна 3-тиркеме

**Ынтымак айыл аймагындагы айылдарда чогулуштарды жана жыйындарды өткөрүүгө жооптуу айылдык кеңешинин депутаттарынын тизмеси.**

| № | Айылдардын аталыштары | Жыйындарда төрагалык кылуучу депутаттар | Өткөрүүгө жооптуу депутаттар |
|---|---|---|---|
| 1 | Беш-Буркан | К.Балтабаева | Р.Төрөбеков, Ж.Маматфазыл у О.Абдулажан уулу, К.Сакиев |
| 2 | Арык-Бою | А.Матраимова | А.Газиев, Ж.Саитов, А.Самидинова |
| 3 | Ынтымак | М.Жарматов | Б.Ажикулова, К.Жалалова, А.Нажимидин уулу |
| 4 | Ничке-Суу, Челекчи, Таш-Булак | Ж.Айдаралиев | А.Нурулла уулу, А.Абдыразаков, С.Жамалдинова, |
| 5 | Акшар, Дөң-Маала | А.Газиев | А.Козуев, Б.Боркошова, С.Таштемиров |

**Жооптуу катчы** **Г.Балтабаева**

Ынтымак айылдык кеңешинин
№23/03 токтомуна 4-тиркеме

**Ынтымак айыл аймагында Жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобунун курамы.**

1. Р.Исамов -Жумушчу топтун төрагасы, айылдык кеңештин төрагасы;
2. Г.Балтабаева -жумушчу топтун катчысы, айылдык кеңештин жооптуу катчысы;

   **Жумушчу топтун мүчөлөрү:**
3. М.Зулумов -Беш-Буркан айылынын айыл башчысы;
4. А.Алибаев -Ынтымак, Арык-Бою айылдарынын айыл башчысы;
5. М.Мурзаканов -Акшар,Дөң-Маала айылдарынын айыл башчысы;
6. К.Абдыразаков -Ничке-Суу, Челекчи, Таш-Булак айылдарынын айыл башчысы;
7. К.Балтабаева -айылдык кеңештин депутаты;
8. М.Жарматов -айылдык кеңештин депутаты;
9. Ж.Айдаралиев -айылдык кеңештин депутаты;
10. А.Матраимова -айылдык кеңештин депутаты;
11. А.Газиев -айылдык кеңештин депутаты;

**Жооптуу катчы** **Г.Балтабаева**

Ынтымак айылдык Кеңешинин (7 – чакырылышы) кезектеги XXIII сессиясынын

**№ 23/04 ТОКТОМУ**

03.10.2023. Ынтымак айылы

**Бүчүр гүл балдар бакчасын, жаңыдан оңдоп түзөөдөн өткөрүлгөн эски ооруkананын имаратына көчүрүү жөнүндө.**

Ынтымак айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 26-сентябрындагы №01-19/1167 чыгыш сандуу билдирүүсү менен келген Бүчүр гүл балдар бакчасын жаңыдан оңдоп түзөөдөн өткөрүлгөн эски оорукананын имаратына көчүрүү жөнүндөгү маселени угуп жана талкуулап чыгып, Ынтымак айылдык кеңеши:

**Т о к т о м к ы л а т:**

1. Ынтымак айыл аймагындагы эски оорукананын багытын балдар бакчасынын багытына өзгөртүүгө макулдук берилсин.

2. Мыйзамга ылайык иш алып баруу жагы Ынтымак айыл өкмөтүнүн башчысы К.Салановко милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ынтымак айылдык кеңешинин “Уюштуруу укуктук маселелер, мамлекеттик органдар жана өз алдынча башкаруунун аймактык органдары менен өз ара аракеттенүү боюнча” туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Ынтымак айылдык**

**кеңешинин төрагасы** **Р.Исамов.**

Ынтымак айылдык Кеңешинин (7 – чакырылышы) кезектеги XXIII сессиясынын

**№ 23/05 ТОКТОМУ**

03.10.2023. Ынтымак айылы

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-октябрындагы “Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү жана региондорду өнүктүрүү боюнча андан аркы чаралар жөнүндөгү” №350 Жарлыгын аткарууга алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-октябрындагы “Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү жана региондорду өнүктүрүү боюнча андан аркы чаралар жөнүндөгү” №350 Жарлыгын аткарууга алуу максатында Ынтымак айыл өкмөтүнүн башчысы К.Салановдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Ынтымак айылдык кеңеши:

Т о к т о м к ы л а т:

1.Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-октябрындагы “Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү жана региондорду өнүктүрүү боюнча андан аркы чаралар жөнүндөгү” №350 Жарлыгы аткарууга алынсын.

2.Ынтымак айыл аймагын Т.Кулатов атындагы айыл аймагына бириктирүү маселеси колдоого алынсын.

3.Т.Кулатов атындагы айыл аймагы менен Ынтымак айыл аймагын бириктирүүдө Каримберди калктуу конушу Төөлөс айыл аймагына эмес, Ынтымак айыл аймагынын карамагында калтырылсын.

4.Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү жана региондорду өнүктүрүү боюнча 2-этабында Ынтымак айыл аймагы менен Баткен облусунун Кызыл-Кыя шаары географиялык жактан жакын жайгашуусун жана шаар менен айыл аймактын тыгыз карым катнашта болгондугун эске алуу менен Ынтымак айыл аймагын Кызыл-Кыя шаардык аймагына бириктирүү жагы сунушталсын.

5.Ушул токтомду укуктук нормативдик актылардын реестрине каттоо үчүн Ош юстиция башкармалыгына жөнөтүү жагы айылдык кешинин жооптуу катчысына милдеттендирилсин.

6.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ынтымак айылдык кеңешинин “Уюштуруу укуктук маселелер, мамлекеттик органдар жана өз алдынча башкаруунун аймактык органдары менен өз ара аракеттенүү боюнча” туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Ынтымак айылдык**

**кеңешинин төрагасы** **Р.Исамов.**

Ынтымак айылдык Кеңешинин (7 – чакырылышы) кезектеги XXIII сессиясынын

**№ 23/06  ТОКТОМУ**

03.10.2023.                                                                                    Ынтымак айылы

**Ынтымак айыл аймагындагы №17 ҮДТ имаратын убактылуу максаттык мөөнөтү аяктаганга чейин Ноокат райондук үй-бүлөлүк медицина борборуна пайдаланууга өткөрүп берүү жөнүндө.**

Ынтымак айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 26-сентябрындагы №01-19/1166 чыгыш сандуу билдирүүсү менен келген Ынтымак айыл аймагындагы №17 ҮДТ имаратын убактылуу максаттык мөөнөтү аяктаганга чейин Ноокат райондук үй-бүлөлүк медицина борборуна пайдаланууга өткөрүп берүү жөнүндөгү маселени угуп жана талкуулап чыгып, Ынтымак айылдык кеңеши:

**Т о к т о м  к ы л а т:**

1. Ынтымак айыл аймагындагы №17 ҮДТ имаратын убактылуу максаттык мөөнөтү аяктаганга чейин Ноокат райондук үй-бүлөлүк медицина борборуна пайдаланууга өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Мыйзамга ылайык иш алып баруу жагы Ынтымак айыл өкмөтүнүн башчысы К.Салановко милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ынтымак айылдык кеңешинин “Уюштуруу укуктук маселелер, мамлекеттик органдар жана өз алдынча башкаруунун аймактык органдары менен өз ара аракеттенүү боюнча” туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Ынтымак айылдык**

**кеңешинин төрагасы**                                                                    **Р.Исамов.**

Ынтымак айылдык Кеңешинин (7 – чакырылышы) кезектеги XXIV сессиясынын

**№ 24/01 ТОКТОМУ**

10.11.2023. Ынтымак айылы

**Айыл өкмөтүнүн юридикалык жер салыгына Республикалык бюджеттен келип түшкөн компенсацияны айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын жергиликтүү бюджетине кирешелөө жана чыгашалоо жөнүндө**

Ынтымак айылдык кеңеши күн тартибиндеги 2023-жылдын 3-ноябрындагы Ынтымак айылдык кеңешинин "Бюджет, салык жана финансы боюнча" туруктуу комиссиясынын "Айыл өкмөтүнүн юридикалык жер салыгына Республикалык бюджетинен келип түшкөн компенсацияны айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын жергиликтүү бюджетине кирешелөө жана чыгашалоо жөнүндөгү" №10 протоколун карап жана талкуулап чыгып Ынтымак айылдык кеңеши:

**Т о к т о м к ы л а т:**

5. Ынтымак айыл өкмөтүнүн юридикалык жер салыгына Республикалык бюджеттин эсебинен түшкөн 260,0 (эки жүз алтымыш миң) сом компенсацияны айыл өкмөтүнүн 2023-жылдагы жергиликтүү бюджетине кирешелөө жана чыгашалоого макулдук берилсин. Тиркеме тиркелет.

6. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын камсыз кылуу жагы Ынтымак айыл өкмөтүнүн башчысы К.А.Салановко милдеттендирилсин.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ынтымак айылдык кеңешинин "Бюджет, салык жана финансы боюнча" туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Ынтымак айылдык**

**кеңешинин төрагасы** **Р.Исамов.**

Ынтымак айылдык кеңешинин 2023-жылдын 10-ноябрындагы №24/01 токтомуна тиркеме

**Ынтымак айыл өкмөтүнүн юридикалык жер салыгына Республикалык бюджеттин эсебинен түшкөн компенсацияны чыгашалоо боюнча багыттар**

| **№** | **Аталышы** | **Сумма** |
|---|---|---|
| 1. | Айыл өкмөтүнүн архитектуралык иш кагаздарына | 134,9 |
| 2. | “Бүчүр гүл” балдар бакчасына тамак бышыруучу плита сатып алуу үчүн | 70,0 |
| 3. | “Бүчүр гүл” балдар бакчасынын отканасына керектелүүчү насос, вентилятор сатып алуу үчүн | 30,0 |
| 4. | Китепкананын ар кандай чыгымдарына | 12,0 |
| 5. | Айылдык кеңештин  сапарнаама чыгымдарына | 7,7 |
| 6. | Айылдык кеңештин  ар кандай чыгымдарына | 5,4 |
| 7. | **Жалпы:** | **260,0** |

**Жооптуу катчы** **Г.Балтабаева**

Ынтымак айылдык Кеңешинин (7 – чакырылышы) кезектеги XXIV сессиясынын

**№ 24/02 ТОКТОМУ**

10.11.2023. Ынтымак айылы

**А.Самидинов атындагы маданият үйүнө кошумча имарат куруу үчүн ошол жер аянтындагы, Ынтымак айылындагы жаңы курулуучу балдар бакчасынын ордундагы жана Т.Кулатов атындагы орто мектебинин эски стадионундагы бак дарактарды кыюуга макулдук берүү жөнүндө**

Ынтымак айылдык кеңеши күн тартибиндеги 2023-жылдын 3-ноябрындагы Ынтымак айылдык кеңешинин “Жер, суу жана электр энергия, жолдор боюнча” туруктуу комиссиясынын “Ынтымак айыл аймагындагы А.Самидинов атындагы маданият үйүнө кошумча имарат курулуп жаткан жер аянтындагы 10 түп теректи, Ынтымак айылына жаңы курулуучу балдар бакчасынын ордундагы көп жылдык бак дарактарды жана Т.Кулатов атындагы орто мектебинин эски стадионунда жайгашкан теректерди кыйууга макулдук берүү боюнча” №11 протоколун карап жана талкуулап чыгып Ынтымак айылдык кеңеши:

**Т о к т о м к ы л а т:**

1. Ынтымак айыл аймагындагы А.Самидинов атындагы маданият үйүнө кошумча имарат курулуп жаткан жер аянтындагы 10 түп теректи, Ынтымак айылына жаңы курулуучу балдар бакчасынын ордундагы көп жылдык бак дарактарды жана Т.Кулатов атындагы орто мектебинин эски стадионунда жайгашкан теректерди кыйууга макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышы Ынтымак айыл өкмөтүнүн башчысы К.А.Салановко милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ынтымак айылдык кеңешинин “Бюджет, салык жана финансы боюнча” туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Ынтымак айылдык**

**кеңешинин төрагасы** **Р.Исамов.**

Ынтымак айылдык Кеңешинин (7 – чакырылышы) кезектеги XXIV сессиясынын

**№ 24/03 ТОКТОМУ**

10.11.2023. Ынтымак айылы

**Ынтымак айыл аймагындагы А.Самидинов атындагы 150 орундуу маданият үйүнүн имаратын ремонттон өткөрүү долбооруна өздүк салым үчүн жергиликтүү бюджеттен акча каражатын ажыратуу тууралуу**

Ынтымак айыл аймагындагы А.Самидинов атындагы 150 орундуу маданият үйүнүн имаратын ремонттон өткөрүү долбооруна өздүк салым үчүн жергиликтүү бюджеттен акча каражатын ажыратуу жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн юрист-жетектөөчү адисинин берген маалыматын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесине негиз Ынтымак айылдык кеңеши:

**Т о к т о м к ы л а т:**

1. Ынтымак айыл аймагындагы А.Самидинов атындагы 150 орундуу маданият үйүнүн имаратын ремонттон өткөрүүгө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин дем берүүчү грантка долбоор даярдоо Ынтымак айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

2. Ынтымак айыл аймагындагы А.Самидинов атындагы 150 орундуу маданият үйүнүн имаратын ремонттон өткөрүүгө даярдалган долбоорго айыл өкмөтүнүн 2024-жылындагы жергиликтүү бюджетинин эсебинен өздүк салымга 800 000 (сегиз жүз миң) сом акча каражаты сунушталсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ынтымак айылдык кеңешинин “Бюджет, салык жана финансы боюнча” туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Ынтымак айылдык**

**кеңешинин төрагасы** **Р.Исамов.**

Ынтымак айылдык Кеңешинин (7 – чакырылышы) кезектеги XXV сессиясынын

**№ 25/01 ТОКТОМУ**

30.11.2023. Ынтымак айылы

**Айыл өкмөтүнүн бирдиктүү салыгынын эсебинен Республикалык бюджеттен келип түшкөн компенсацияны айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын жергиликтүү бюджетине кирешелөө жана чыгашалоо жөнүндө**

Ынтымак айылдык кеңеши күн тартибиндеги 2023-жылдын 24-ноябрындагы Ынтымак айылдык кеңешинин “Бюджет, салык жана финансы боюнча” туруктуу комиссиясынын “Айыл өкмөтүнүн бирдиктүү салыгынын эсебинен Республикалык бюджеттен келип түшкөн компенсацияны айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын жергиликтүү бюджетине кирешелөө жана чыгашалоо жөнүндөгү” №12 протоколун карап жана талкуулап чыгып Ынтымак айылдык кеңеши:

**Т о к т о м к ы л а т:**

1. Ынтымак айыл өкмөтүнүн бирдиктүү салыгынын эсебинен Республикалык бюджеттен түшкөн 24,5 (жыйырма төрт миң беш жүз) сом компенсацияны айыл өкмөтүнүн 2023-жылдагы жергиликтүү бюджетине кирешелөө жана чыгашалоого макулдук берилсин.

2. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын камсыз кылуу жагы Ынтымак айыл өкмөтүнүн башчысы К.А.Салановко милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ынтымак айылдык кеңешинин “Бюджет, салык жана финансы боюнча” туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Ынтымак айылдык**

**кеңешинин төрагасы** **Р.Исамов.**

Ынтымак айылдык Кеңешинин (7 – чакырылышы) кезектеги XXVI сессиясынын

**№ 26/01 ТОКТОМУ**

29.12.2023. Ынтымак айылы

**Бак багытындагы жер аянттарын турак жайга өзгөртүү жөнүндөгү М.Сатыбалдыеванын арызын кароо тууралуу**

Ынтымак айылдык кеңеши күн тартибиндеги “Бак багытындагы жер аянттарын турак жайга өзгөртүү жөнүндөгү М.Сатыбалдыеванын арызын кароо тууралуу” Ынтымак айылдык кеңешинин “Жер, суу жана электр энергия, жолдор боюнча” туруктуу комиссиясынын отурумунун 2023-жылдын 4-декабрындагы №12 протоколун карап жана талкуулап чыгып Ынтымак айылдык кеңеши:

**Т о к т о м к ы л а т:**

8. “Бак багытындагы жер аянттарын турак жайга өзгөртүү жөнүндөгү М.Сатыбалдыеванын арызын кароо тууралуу” Ынтымак айылдык кеңешинин “Жер, суу жана электр энергия, жолдор боюнча” туруктуу комиссиясынын отурумунун 2023-жылдын 4-декабрындагы №12 протоколуна негиз аталган жер аянты айыл өкмөтүнүн балансына кайтарып алууга макулдук берилсин.

9. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылуусун камсыз кылуу жагы Ынтымак айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

10. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ынтымак айылдык кеңешинин “Жер, суу жана электр энергия, жолдор боюнча” туруктуу комиссиясынын курамына тапшырылсын.

**Ынтымак айылдык**

**кеңешинин төрагасы Р.Исамов.**

Ынтымак айылдык Кеңешинин (7 – чакырылышы) кезектеги XXVI сессиясынын

**№ 26/02 ТОКТОМУ**

29.12.2023. Ынтымак айылы

**Ынтымак айыл аймагында 2024-жыл үчүн бир жылга төлөнүүчү таштанды салык эмес киреше жөнүндө.**

Ынтымак айылдык кеңеши күн тартибиндеги “Ынтымак айыл аймагында 2024-жыл үчүн калктуу конуштардагы ар бир кожолукка жана экономикалык ишмердүүлүк жүргүзгөн ар бир ишканага бир жылга төлөнүүчү таштанды салык эмес киреше” жөнүндөгү маселени карап жана талкуулап чыгып Ынтымак айылдык кеңеши:

**Т о к т о м к ы л а т:**

1. Ынтымак айыл аймагында 2024-жыл үчүн калктуу конуштардагы ар бир кожолукка бир жылга төлөнүүчү таштанды салык эмес кирешени 100 (жүз) сомго, ал эми экономикалык ишмердүүлүк жүргүзгөн ар бир ишкананын ар бир иштеген кызматкерине 100 сомдон кем эмес өлчөмдө төлөөгө макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ынтымак айылдык кеңешинин “Бюджет, салык жана финансы боюнча” туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Ынтымак айылдык**

**кеңешинин төрагасы Р.Исамов.**

Ынтымак айылдык Кеңешинин (7 – чакырылышы) кезектеги XXVI сессиясынын

**№ 26/03 ТОКТОМУ**

29.12.2023. Ынтымак айылы

**Ынтымак айыл аймагындагы “Бүчүр гүл” мектепке чейинки билим берүү мекемесине кошумча тайпа ачуу тууралуу**

Ынтымак айылдык кеңеши күн тартибиндеги “Ынтымак айыл аймагындагы “Бүчүр гүл” мектепке чейинки билим берүү мекемесине кошумча тайпа ачуу тууралуу” маселени карап жана талкуулап чыгып Ынтымак айылдык кеңеши:

**Т о к т о м к ы л а т:**

1. Ынтымак айыл аймагындагы “Бүчүр гүл” мектепке чейинки билим берүү мекемесине 2 тайпага 25 тен 50 бала алуу үчүн кошумча тайпа ачууга макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ынтымак айылдык кеңешинин социалдык саясат (билим берүү, маданият, саламаттыкты сактоо жана спорт) боюнча туруктуу комиссиясынын курамына тапшырылсын.

**Ынтымак айылдык**

**кеңешинин төрагасы Р.Исамов.**

Ынтымак айылдык Кеңешинин (7 – чакырылышы) кезектеги XXVI сессиясынын

**№ 26/04 ТОКТОМУ**

29.12.2023. Ынтымак айылы

**Ынтымак айыл өкмөтүнүн башчысынын 2023-жыл ичинде аткарган иштери жөнүндө**

Ынтымак айылдык кеңеши күн тартибиндеги “Ынтымак айыл өкмөтүнүн башчысынын 2023-жыл ичинде аткарган иштери жөнүндө” маселени карап жана талкуулап чыгып Ынтымак айылдык кеңеши:

**Т о к т о м к ы л а т:**

1. Ынтымак айыл өкмөтүнүн башчысы К.Салановдун 2023-жыл ичинде аткарган иштери канааттандырарлык деп табылсын.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ынтымак айылдык кеңешинин «Уюштуруу укуктук маселелер, мамлекеттик органдар жана өз алдынча башкаруунун аймактык органдары менен өз ара аракеттенүү боюнча” туруктуу комиссиясынын курамына тапшырылсын.

**Ынтымак айылдык**

**кеңешинин төрагасы** **Р.Исамов.**